УДК 342.3+622.013[](575.2)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУ ЖААТЫНДА БАШКАРУУ ИНСТИТУТТАРЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЗАМАНБАП ТАРЫХЫ


**КОШОЙБЕК АЙБЕК**
КМЮАнын «административдик
жана финансылык укук»
кафедрасынын окутуучусу
ualibrary@mail.ru



***Аннотация**: Ушул изилдөөдө Кыргыз Республикасынын жер казынасы жөнүндө мыйзамдардын тарыхый-укуктук талдоосу тоо кен өнөр жайын башкарууну өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик саясаттын максаттарына ылайык аны өркүндөтүүнүн туруктуу тенденциясын аныктагандыгы жөнүндө жыйынтык негизделген. Ошого карабастан, жаңы мыйзамдардын айрым жоболору укуктук реформалардын өткөн тажрыйбасын, ошондой эле аныкталган проблемалар боюнча сунушталган тыянактарды эске алуу менен кайра каралууга муктаж.*

***Annotation**: In the real research a valid conclusion that the historical and legal analysis of the legislation on subsoil of the Kyrgyz Republic defines a resistant tendency of its improvement according to the purposes of the state policy aimed at the development of management of the mining industry. Nevertheless, separate provisions of the new legislation need revision taking into account experiment of the passable stages of legal reforms, and also the offered conclusions on the revealed problems.*


Эл аралык эксперттик уюмдар тарабынан 2000-жж. башталышында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн чектеринде Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын кен казып алуу секторундагы оор абал жана анын ишинин натыйжасынын төмөндүгү кен казып алуу тармактарын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу укуктук, финансылык жана институционалдык чөйрөлөрдүн жетиштүү жөнгө салынбагандыгына байланыштуу экендиги белгиленген. Ушуга байланыштуу, республиканын кен казып алуу тармагын динамикалык өнүктүрүү максатында, баалуу, түстүү металлдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин чыгарууну жана экспорттоону көбөйтүү, ошондой эле республиканын экономикасына тике инвестициялардын агылып келишин көбөйтүү, кен казып алуу тармагына ыңгайлуу инвестициялык климат түзүү жана аны андан ары өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын кен казып алуу секторун реформалоо боюнча иш-чаралардын тиркелген планын бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Буйругу кабыл алынган [1]. Планды ишке ашыруу 2001-жылдын 2-ноябрындагы N 410-б буйругу менен түзүлгөн Ведомство аралык комиссияга жүктөлгөн.

2002-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кен казып алуу тармактарынын иш-аракеттеринин ачык-айкындуулугун жогорулатуу демилгесин (КТАЖД) ишке ашыруу алкагында Кыргыз Республикасынын кен казып алуу ишканаларынан алынган финансылык түшүүлөр жөнүндө отчетту жарыялайт [2]. Негизги өкмөттүк түзүмдөрдүн, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, эл аралык финансылык институттардын жана ДБ, ЭВФ, DFID, «Сорос-Кыргызстан» фондун кошкондо донордук уюмдардын, жарандык коомдун жергиликтүү өкүлдөрүн, илимий институттардын жетекчилери, ошондой эле Кумтөр Оперейтинг Компани “Кыргызалтын” ААК жана башка кен казып алуучу компаниялардын жетекчилеринин курамында Кыргыз Республикасында

тийиштүү түрдө КТАЖД принциптерин ишке ашыруу боюнча консультациялык жардамды көрсөтүү боюнча Комитет жана Кеңеш түзүлгөн.

КТАЖД ишке ашыруу боюнча иш чаралар планына ылайык биринчи отчет Финансы министрлигинин жана Финансы министрлигине караштуу Кирешелер боюнча комитетинин веб-сайттарында, ошондой эле Финансы министрлигинин Финансы-экономикалык бюллетенинде жарыяланган. Азыркы мезгилде отчетту жарыялоо маалыматты расмий мамлекеттик сайттарда жайгаштыруу менен статистикалык бюллетендер түрүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан ишке ашырылат.

2006-жылы КР Президенти К.Бакиев Кыргызстандын элине өзүнүн кайрылуусунда тармактын негизги кемчиликтерин бөлүп көрсөтүп, мурунку жетекчиликке олуттуу кен чыгуучу жерлерди чет өлкөлүк компанияларга иштетүүгө берип, майдаларын болсо такыр эле иштетпеген караганда, азыркы болсо ата мекендик ишкерлерге дагы лицензияларды бергендигин белгилеген. Бирок “жана бул жабык режимде, ак-ниет тендерлер жок ишке ашырылган. Мындай саясаттын натыйжасы болуп биз Кумтөрдөн пландалып жаткан кирешелердин көлөмүн албаганыбыз, бир катар жылдардын ичинде Жерүйдү жана Талды-Булакты ишке киргизе албай жана Кара-Кечени басып алууну алдык» - деп айтты мамлекеттин башчысы [3] Ал ошондой эле кен чыккан жерлерди иштетүү жөнүндө маселелерди чечүүдө жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын эске алган механизмдин жоктугу чоң проблема болуп саналаарын белгиледи. Натыйжада аргасыз чыр-чатактар жана талаш-тартыштар келип чыгат. Ошондуктан жер-жерлерде коомдук-саясий кырдаалды чыңалтпоо үчүн бул маселени мыйзамдык аныктоо зарыл [3].

Каралып жаткан мезгилде алтын казылып алынуучу жерлерди улутташтыруу жөнүндө маселе курч турат. КР Парламенти атайын мыйзамды кабыл алуу жөнүндө маселени карап жатат. Негизги себеп болуп паракорчулук менен күрөшүү боюнча депутаттык комиссиянын төрагасынын маалыматы кызмат кылды. Паракорчулук менен күрөшүү боюнча комиссия 2006-жылы “чуулгандуу” иштер кандай абалда тургандыгын изилдөө үчүн түзүлгөн. Негизинен, сөз «Кумтөр», «Бител» ЖЧК, Кант цемент-шифердик комбинаты, Кыргызтелеком, ЖАМК, аксы окуялары, Кыргызшампанвинкомбинат, мурунку президент Аскар Акаевдин мүлкү ж.б. менен байланыштуу кылмыш иштери тууралуу болуп жатат [4]. Бул маселе боюнча өзүнүн бушаймандыгын билдирип А. Атамбаев: сөз “афера, Кыргызстандын элин уятсыз карактоо тууралуу болуп жатат. Коом жана жетекчилер паракорчулукка жана башка мүмкүн болбогон нерселерге чыдамдуулук көрсөткөн жерде адилетсиздик өркүндөйт» [5].

Бирок, улутташтыруу жөнүндө Мыйзамдарды Жогорку Кеңеш кабыл алган жок, Башкы прокуратура козголгон кылмыш иштери боюнча тергөөнү аяктап, көрсөтүлгөн иштерди өзгөчө көзөмөлгө алды. Талашты арбитраждык режимде чечүү аракетинен кийин абалдан чыгуу Кыргыз Республикасы жана пайдалуу кенди иштетүүнү жана казууну ишке ашырган инвестор ортосунда эки тараптуу макулдашууну кабыл алуу аркылуу мүмкүн болду. Негизинен Кумтөр боюнча 2009-жылдын 24-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, "Кыргызалтын" ачык акционердик коому, "Центерра Голд Инк." канадалык компаниясы, "Кумтөр Оперейтинг Компани" жабык акционердик коому, "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коому жана "Камеко" корпорациясынын ортосундагы "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашуу түзүлгөн [6]. Мындай жаңы шарт болуп биринчи кезекте Кыргыз Республикасы үчүн мындай ишмердиктен экономикалык пайдасынын көбөйүшү болду.

“Кумтөрдү” улутташтыруу демилгелери ушуну менен токтогон жок. “Кумтөр” кен чыгуучу жерин уллуташтыруу жана иштетүү боюнча Макулдашууну кайра кароону талап кылган Балыкчы шаарынын чыгыштары Кыргызстанга 300 миллион долларга турду. Дал ушундай суммага Торонто биржасында 2011-жылдын 13-17 январына чейин мезгилде КР Өкмөтүнүн «Центерра Голддо» акцияларынын баасы түшкөн. Тоо өнөр жай жана геологдордун Ассоциациясынын башчысы О.Дуйшееванын сөзү боюнча тигил же бул

ишкананы улутташтырууну талап кылган топтор эреже катары экспроприацияны болжошот. Ошондой болсо дагы улутташтыруу ишкананы сатып алууну, андан кийин – анын иши боюнча чыгымдарды тартууну түшүндүрөт[7].

Кен казып алуу өнөр жайын өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттин расмий жарыяланган курсуна карабастан, чынында алга умтулган кыймылдар ченемдик-укуктук базанын жетилбегендиги менен тоскоолдук кылган. 1997-жылдан баштап 2010-жылга чейин Кыргызстанда “уктап жаткан” – мунай зат, газ, көмүр жөнүндө, продукцияны бөлүштүрүү боюнча макулдашуулар жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Бул мыйзамдар ишке ашпай калууга дуушар болушкан, анткени көпчүлүк бөлүгүндө кенди пайдалануу жөнүндө колдонуудагы мыйзамдарга каршы келген. Ошондуктан 2004төн баштап республикада курч дискуссиялардын предмети болуп кен жөнүндө жаңы мыйзамды кабыл алуу болуп калды. Себеп болуп дүйнөдө алтын жана башка ресурстар кымбаттап Кыргызстан болсо минералдык запастардын жардамы менен көтөрүлүүгө мүмкүнчүлүгү болуп, маанилүү долбоорду ишке ашыра албайт деген ойлор кызмат кылган.

2008-жылы жаңыланган Салык кодекси[8] кабыл алынган, ага өлкө, ошондой эле жергиликтүү жана чет өлкөлүк инвесторлор дагы олуттуу үмүттөрдү койгон.

2009-жылы чөйрөнүн өнүгүүсүнүн жаңы айланышын КР Президентинин 2009-жылдын 12-июнундагы №272 ПЖ “Кыргыз Республикасынын кен казып алуу тармагын башкарууну реформалоо боюнча кечикткрилгис чаралар жөнүндө” Жарлыгы күн мурун болжолдоду [9]. Жарлык Кен казып алуу тармагын башкарууну реформалоодо төмөнкүлөрдү негизги багыт катары аныктоо сунуш кылынат:

- кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндө колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүүнүн жана жаңы ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуунун негизинде кен мыйзамдарынын бирдиктүү системасын түзүү;
- кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндө, анын ичинде долбоорлорду лицензиялоодо, экспертизалоодо, мыйзамдардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө жана алардын аткарылышын камсыз кылууда "жалгыз терезе" системасын киргизүү менен тармакты өнүктүрүүнүн бир борборун түзүү;
- пайдалуу кендер чыккан жерлердин Мамлекеттик резервин түзүү жана аларды кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик орган тарабынан башкаруу;
- геологиялык тармактын инфраструктурасын реформалоо;
- кен казып алуу тармагы үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо системасын түзүү;
- тармактын жетишилген экономикалык натыйжаларына жараша кен казып алуу тармагын башкаруу системасын өнүктүрүү, мындай өнүктүрүүнү каржылоонун булагы катары бюджетке кен казып алуу ишканаларынын ишинен, конкурстарды жана аукциондорду өткөрүүдөн, лицензияны кармап алууга төлөмдөрдөн пландан тышкаркы түшүүчү каражаттардан 20% өлчөмүндө пландуу бюджеттик каражаттарды жана атайын каражаттарды кароо [9].

Кен казып алуу тармагын башкарууну реформалоонун алкагында 2009-жылдын II-IV кварталында демилге кылына турган биринчи кезектеги мыйзамдардын долбоорлорунун жана башка ченемдик укуктук актылардын Тизмесинде: "Жер казынасы жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы концессиялар жөнүндө", "Кен концессиясы жөнүндө", "Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар тууралуу", "Кен байлыктарын коргоо жөнүндө", “Лицензиялоо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү тууралуу”, "Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү тууралу, “Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү тууралу, “Кыргыз Республикасынын Жер, Жарандык, Салык кодекстерине түзөтүүлөрдү киргизүү тууралуу” ж.б. мыйзамдын долбоорлору аталган. Жоболордун долбоорлору: Геологиялык изилдөөнү, сарамжалдуу пайдаланууну жана кен байлыктарын коргоону мамлекеттик контролдоо жөнүндө, Пайдалуу кендер

чыккан жана байкалган жерлердин геологиялык кадастры жөнүндө, Пайдалуу кендердин запастары боюнча мамлекеттик комиссия жөнүндө, Кен байлыктарын пайдаланууну лицензиялоо тартиби жөнүндө, Кен байлыктарын пайдалануу үчүн салыкты (роялти) эсептөө жана алуу тартиби жөнүндө ж.б.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-мартындагы №156 [10] токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын иш аракеттер планына ылайык кен өнөр жай комплексин өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иштери орун алган көйгөйлөрдү четтетүүгө, мыйзамдар жана мамлекеттик жөнгө салуу жагындагы ыңгайлуу шарттарды түзүү, геологиялык инфраструктураларды өркүндөтүү, даярдалган кендерди колдонууга киргизүү аркылуу алтын казып алуу тармагын тездетип өнүктүрүү, жаңы кендерди колдонууга киргизүү аркылуу көмүр жана нефтигаз өнөр жайын калыбына келтирүүгө жана иштетилүүчү кендерде казып алууну көбөйтүүгө багытталат. Бул Өкмөттүн программасынын максаты болуп көмүр жана нефтигаз тармактарынын ишканаларын өнүктүрүү; ошондой эле алтын кендерин иштетүүнү улантуу ("Кумтөр", "Макмал", "Солтон-Сары", "Тераккан"); кен пайдалануучулар үчүн жагымдуу инвестициялык климат түзүү, геологиялык инфраструктураларды өркүндөтүү жеке инвестициялардын эсебинен пайдалуу кендердин бардык түрүнө геология чалгындоо иштерин күчөтүү).

2012-жылдын колдонуудагы “Жер казынасы жөнүндө” [11] мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-декабрындагы №834 [12] токтому менен Жер казынасын пайдаланууну лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобону, Жер казынасын пайдалануу укугуна конкурс өткөрүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобону, Жер казынасын пайдалануу укугуна аукцион өткөрүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобону, Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн төлөмдү эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө жобону бекиткен. Салыктык [13] жана Жер кодекстерине [14], «Салыктык эмес төлөмдөр» [15] мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген.

Колдонуудагы мыйзамдын оң жактары катары төмөнкүлөрдү белгилөө болот:

- жергиликтүү коомчулуктардын кызыкчылыктарын актуалдаштыруу. Бул биринчи кезекте социалдык пакет – жергиликтүү коодоштуктарды өнүктүрүүгө багытталган чаралардын комплекси (анын аймагында объект жайгашкан жергиликтүү коомдоштуктун курч маселелерин чечүүнү эсепке алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилген инвестициялар программасы): кадрларды даярдоо, жергиликтүү калкты ишке орноштуруу, жер казынасын пайдалануу үчүн төлөмдөр, лицензиялык төлөмдөр, жер салыгы жана чегерүүлөр жана инфраструктураны куруу, аукциондордо/конкурстарда катышуу);
- аукцион жана конкурс системасын киргизүү;
- жерге укуктарды алуунун тартибин жеңилдетүү, өзгөчө чет өлкөлүк катышуу менен компаниялар үчүн;
- жер казынасын пайдалануу укугун токтото туруунун так эрежелерин аныктоо;
- иштерди аткаруу жана инвестирлөө боюнча милдеттенмелерди лицензиялык төлөмдөр менен “алмаштыруу”;
- маморгандардын ачыктыгы, диалогду түзүү аракеттери, процесске бизнести гана эмес, жарандык коомду, жергиликтүү коомчулуктарды активдүү тартуу.

Негизинен Мыйзам кен казып алуу жерин иштетүүгө укугу бар мамлекеттик органдарын жана компаниялардын өз ара мамилелеринин укуктук тарабын өзгөртүүгө багытталган. “Жер казынасы жөнүндө” Мыйзамынын маанилүү өзгөрүүсү болуп кен чыккан жерди иштеткен мамлекет жана компания ортосунда мамилелерди орноткон паракорчулук механизмди экономикалык механизмге алмаштыруу фактору болду. Мыйзам чыгаруучу лицензиялык чегерүүлөр режимине ченемдик тартипте субъективдик факторду болжолдогон лицензиялык макулдашууну түзүү жол-жобосун алмаштырды. Жыл сайын лицензиялык чегерүүлөр жергиликтүү бюджетке багытталууга тийиш.

“Жер казынасы жөнүндө” жаңы Мыйзамын кабыл алуунун жаңы укуктук натыйжасынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилөө зарыл:

- жер казынасын пайдалануучулар жана Мамгеологияагенттиги ортосунда соттон тышкары талаштарды чечүү Экономика жана монополияга каршы саясат министрлигине жүктөлдү (Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлиги жөнүндө Жобо 4-п.);
- бири-биринен чалгындоого жана иштетүүгө лицензиялар ажыратылды (КРМ 34-35 бер.);
- лицензияларды берүү жана сатуу мамлекетке бонус берүү менен жөнгө салынат (КРМ 30-бер.);
- бир компания үчүн эки же андан ашык лицензияларды айкалыштыруу ар кандай топтордон пайдалуу кендер жөнүндө сөз болсо гана мүмкүн (КРМ 31-бер.);
- жер казынасын пайдалануу үчүн пайдаланган жерлерди рекультивациялоону жүргүзүүнүн так тартиби киргизилген: жер казынасын пайдалануучунун милдеттүү түрдө банкта атайын эсеп-чот ачышы, анын каражататры рекультивациялоодон башка эч башка нерсеге колдонулушу мүмкүн эмес ( КРМ 47-бер.).

“Жер казынасы жөнүндө” Мыйзамын кабыл алуу кен казып алуу тармагынын өнүгүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жолунда маанилүү кадам болуп саналат. Ошондой болсо да, Мыйзамдын салыштырма жана сапаттык талдоосу кээ бир маанилүү кемчиликтерди бөлүүгө шарт түзөт. алсак, негизинен, укуктук жөнгө салуунун минустарынын арасынан ата мекендик адистер негизсиз эмес төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүшөт:

- жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө мыйзамдарды жана актыларды кабыл алууга карата бирдиктүү мамлекеттик ыкманын жоктугу.
- ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алууга карата комплекстүү ыкманын жоктугу.

Биздин оюбуз боюнча мамлекеттик органдар бири биринин ортосунда макулдашылбаган демилгелерди чыгарат, тармакты жөнгө салууда координация ортосунда байланыштын жоктугунун себеби, бул дагы өтө актуалдуу. Колдонуудагы жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө мыйзамдын ченемдерин теориялык талдоо мыйзамдык демилге укугун ишке ашырууда артыкчылыкты аныктоого карата бирдиктүү мамлекеттик ыкма жок экендигин ошондой эле ырастайт.

Ошондуктан укук колдонуу практикасын бир маанилүү эмес түшүндүрүү келип чыгат. Тармактын өкүлдөрү жана юристтер жер казынасын пайдалануу боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу жөнүндө маселени бир тектүү түшүнүүгө келе албай жатышат. «Партнер» юридикалык фирмасынын жетекчиси М. Сманалиева мындай деп жазат: “жоопкерчилик Экономика министрлигинде. Дал ушул министрликти кен чыгуу жерлерин иштетүү маселелери боюнча ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу функциясы берилген. Ушул жана башка министрликтердин шалакылыгы кен тармагы кайра кризисте калды. бардык таштар болсо Геология агенттигинин тарабына учуп жатат, ага болсо бул тармакта саясатты жүргүзүү функциясын гана калтырышкан. Ченемдик-укуктук актылар жко агенттик эч нерсе кабыл ала албайт. Бийликтин аткаруу бутагы паракорчулук механизмдерден кутулууга шашпай тургандай сезилет. Мындай деп ойлогонуӊ келбейт, бирок ойлор ушуга алып барып жатат» [16, с.29].

КР ЖК профилдик комитетинин депутаты А.Арапбаев: “бул мыйзамдык ченемдерди жөнгө салууга, администрлөөгө бирдиктүү мамлекеттик мамиле жок” деп эсептейт. «Экономика министрлиги тармактын саясатын иштеп чыгыш керек деген менен мен макулмун – деп улантат депутат, бирок сектордо текшерүү бөлүгүндө компетенттүү орган болуп Мамтехэколинспекция саналгандыгы менен такыр макул эмесмин. ар ким өзүнүн иши менен алек болууга тийиш. Кадрдык саясатты ылайык келтирбесек,

Мамгеологияагенттигинин өзүндө менеджердик мамилени өзгөртпөсөк, биз жер казынасы жөнүндө мыйзамды чексиз жылмалай беребиз» [17].

Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин укуктук талдоо ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу маселесинде конкреттештирүүнү жетишсиздиги жөнүндө күбөлөндүрөт, жана тийиштүү түрдө мунун натыйжасында пайда болуучу конкуренция жана ыйгарым укуктарды кайталоонун келип чыгышы. Негизинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №117 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы жөнгө салуу министрлиги жөнүндө Жободо Министрликтин функцияларынын ичинен бөлүнгөн: минералдык ресурстарды пайдалануу жаатында мамилелерди жөнгө салуу, ошондой эле жер казынасын изилдөө боюнча программаларды жана макулдашууларды иштеп чыгууда жана минералдык-сырьелук ж.б. ресурстарды өздөштүрүүдө катышуу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №127 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги жөнүндө Жобонун ченемдерине ылайык эң башкысы кен пайдалануу жана кен казуу өнөр жайын өнүктүрүү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу көрсөтүлөт. Аталган Жободо андан кийин бул ченемди конкреттештирүү "ишке ашыруу" терминин каралып жаткан ченемдик укуктук актынын тестинде колдонулган бир маанилүү түшүнүктү бербейт. «Укукту ишке ашыруу деген укуктук жөнгө салуунун динамикалык, активдүү бөлүгү. Бул жерде анын тикелей мааниси ачылат, адамдардын ой жүгүртүүсүнө алар укуктук ченемдердин талаптарына ылайык, укуктук жазма буйруктардын алкагында аракеттенсин деп эсептөө менен жыйынтыкталат. Көпчүлүк учурда укуктук ишке ашырууда укук тартибин айтуу мүнөзү, ыкмасы айтылат, [18, с.15], алар мыйзамдын аракетинде, укуктук жөнгө салуу жана башкаруу циклинде айтылат.

Бул түшүнүктүн эң кеңири маанисинде Мамгеология агенттигине төмөнкүлөр жүктөлөт: жер казынасын натыйжалуу пайдалануу бирдиктүү системасын камсыздоо; Кыргыз Республикасынын аймагын геологиялык изилдөөнү системалуу жүргүзүүнү камсыздоо жана жер казынасын пайдалануу маселелерин мамлекеттик жөнгө салуу жана жер казына мамлекеттин фондусун башкаруу системасын өркүндөтүү ж.б.

Айрым бир бушаймандыкка Мамгеологоагенттигинин ыйгарым укутары жөнүндө төмөнкү ченемдери алып келет:

- тиешелүү нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышат;
- геологиялык изилдөөлөрдү жана кен казуу өнөр жайын натыйжалуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга катышат;
- минералдык-сырьелук ресурстарды иликтөөнүн жана пайдалануунун учурдагы жана келечектүү мамлекеттик, региондук пландарын жана тармактык программаларын иштеп чыгууга катышат жана алардын аткарылышын контролдойт;
- кендерди иликтөө жана минералдык-сырьелук ресурстарды өздөштүрүү боюнча мамлекеттер аралык программаларды жана макулдашууларды түзүүгө жана ишке ашырууга катышат;
- жаңы пайдалуу кендерди табуу жана болжолдоо, илимий-прикладдык маанидеги маселелерди чечүү максатында Кыргыз Республикасынын аймагын геологиялык иликтөөнү системалуу жүргүзүүнү камсыз кылат;

Бул регламентациянын мааниси боюнча көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарды анын ичинде тийиштүү ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча Мамгеологоагентство Экономика жана монополияга каршы жөнгө салуу министрлиги менен бөлө тургандыгы келип чыгат. Тийиштүү түрдө колдонуудагы мыйзам жер казынасын пайдалануу жана кен казуу өнөр жайын өнүктүрүү чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча функцияларды так чектөөдө муктаж.

Мыйзам чыгаруучуга өзгөчө көңүлдү жер казынасын пайдалануу жана кен казуу өнөр жайын өнүктүрүү чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу жөнүндө маселеге

буруу керек. Алсак, “ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу” терминин түшүнүгүнө биз ЧУА долбоорун иштеп чыгууга укуктук биринчи кезекте болуп жатат, кеңири мааниде мыйзамдык демилге процессин киргизе алабыз, “ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу” термининин түшүнүгү ошого атайын ыйгарым укук бурелигне жол-жоболук укуктук аракеттердин башка спектрин киргизет. Мындан тышкары, эки жол-жобо бири-бири менен өтө тыгыз түрдө байланыштуу, мыйзам чыгаруу демилгесин кошкондо.

Конституциянын 79-бер., Жогорку Кеңештин Регламентинин [19] жана 2009-жылдын 20-июлундагы №241[20] “Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” КР Мыйзамынын ченемдерин салыштырып талдоо КР ченемдик-укуктук актыларынын текстине к жер байлагын пайдалануу жана кен кащуу өнөр жайын өнүктүрүү чөйрөсүндө Мамгеологияагенттигине ЧУА иштеп чыгуу укугун бекемдөө жөнүндө жобону киргизбегенде, ченем чыгаруу демилге укугу толугу менен КР Өкмөтүнүн атынан Экономика жана монополияга каршы жөнгө салуу министрлигине таандык болот. Мамгеологияагенттигинин ченем чыгарууда башкы орган катары катышуусу милдеттү эмес болуп калат, башкача айтканда анын функциялык укугунун деңгээлинде гана. Бул жөнгө салынбагандык укуктук колдонуу практикасында ведомстволук жоопкерчиликте персонификация; ыйгарым укуктарды кайталоого; жалпысынан тармакта өнүгүү процессин тоскоолдук кылуу проблемаларына алып келет.

КР колдонуудагы мыйзамдарын өзгөртүү биздин пикирибиз боюнча жер казынасын пайдалануу жана кен казуу өнөр жайын өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттин укуктук саясатын ишке ашырууга ыйгарым укук берилген органды ЧУА жоболорун иштеп чыгуу укугун жүктөө маселесине тийиштүү болуу керек. Мамгеологияагенттиги жөнүндө Жобонун текстинде ченемдик укуктук актыны “кабыл алуу” терминдеринин айкалышы тийиштүү түрдө анын конституциялык-укуктук айтылышында жана ченем чыгаруу жол-жобосун андан кеңири камтуусун болжолдогон мыйзам чыгаруу демилге укугун ишке ашыруу жол-жоболук режимин алып салган ченемди укуктук актыны “иштеп чыгууга” алмаштырылууга тийиш.

Экономика жана монополияны жөнгө салуу министрлиги тармактык специфика көз карашынан алганда долбоорду кабыл алуучу жана оңдоп-түзөөчү орган болуп калат, жана мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекти болуп (долбоорду толуктап иштөөгө кайтаруу менен же ал жок) Жогорку Кеңешке долбоорду берет. Бул тартип Кыргыз Республикасынын колдонуудагы укуктук ченемдеринде чагылдырылууга тийиш.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын жер казынасы жөнүндө мыйзамдарын тарыхый-укуктук талдоо кен өнөр жайын башкарууну өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик саясаттын максаттарына ылайык аны өркүндөтүүнүн туруктуу тенденциясын аныктайт. Ошондой болсо дагы, жаңы мыйзамдын өзүнчө жоболору укуктук реформалардын өтүлгөн этаптарын, ошондой эле аныкталган проблемалар боюнча сунушталган тыянактарды эске алуу менен кайра кароодо муктаж.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жфлдн 19-январындагы N 23-б буйругу //И-пС ТОКТОМ.
2. Кен казып алуу тармактарынын иш-аракеттеринин ачык-айкындуулугун жогорулатуу демилгесинин (КТАЖД) Жарчысы //И-пС ТОКТОМ.
3. Темир Э. С разборками закончили. Пора браться за экономику// «Вечерний Бишкек», N 185, 29 сентября 2006 года.
4. Аскерова К. Национализация по-постсоветски// «Слово Кыргызстана», N 71, 4 июля 2006 года.
5. Ничипорова Н., Тузов А. и Каримова Г. Алмазбек Атамбаев: Я пришел поднимать экономику // «Вечерний Бишкек», N 107 (9279), 8 июня 2007 года.
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, "Кыргызалтын" ачык акционердик коому, "Центерра Голд Инк." канадалык компаниясы, "Кумтөр Оперейтинг Компани"

жабык акционердик коому, "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коому жана "Камеко" корпорациясынын ортосундагы "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууну ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын кол коюлган Мыйзамы// «Эркин тоо» 2009-жылдын 8-майы N 33.
7. В 300 миллионов долларов обошлась Кыргызстану инициатива национализации Кумтора//www. Kyrtag.kg.
8. Кодекс КР от 17 октября 2008 года N 230 «Налоговый кодекс Кыргызской Республики»//И-пС «ТОКТОМ».
9. Указ Президента КР от 12 июня 2009 года УП N 272 «О неотложных мерах по реформированию управления горнодобывающей отраслью Кыргызской Республики». Утратил силу в соответствии с Указом Президента КР от 25 июля 2012 года УП N 140// Опубликован в газете «Эркин Тоо» от 31 июля 2012 года N 66.
10. План действий Правительства Кыргызской Республики на 2010 года. Утвержден постановлением Правительства Кыргызской Республики от 19 марта 2010 года N 156. Утратил силу в соответствии с постановлением Правительства КР от 26 августа 2010 года N 175//И-пС ТОКТОМ.
11. Закон Кыргызской Республики «О недрах» от 9 августа 2012 года N 160//«Эркин Тоо» от 17 августа 2012 года N 73-74.
12. Постановление Правительства КР от 14 декабря 2012 года N 834//И-пС «ТОКТОМ».
13. Закон Кыргызской Республики от 9 августа 2012 года N 158 «О внесении изменений и дополнения в Налоговый кодекс Кыргызской Республики»//И-пС «ТОКТОМ».
14. Закон Кыргызской Республики от 9 августа 2012 года N 159 «О внесении дополнений и изменений в Земельный кодекс Кыргызской Республики»//И-пС «ТОКТОМ».
15. Закон Кыргызской Республики от 10 октября 2012 года N 170 «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики»//И-пС «ТОКТОМ».
16. Кенжебаев А. «Закон вступил в силу, но не работает»// «De-факто» №57 от 21.12.12 /
17. Мешкова Е. Отечественные законы и сфера применения// www. Slovo.kg.
18. Тихомиров Ю.А. Проблемы активизации политических институтов // Сов. Гос – во и право. 1986. № 6.
19. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө” Закон Кыргызской Республики от 25 ноября 2011 года N 223 «О Регламенте Жогорку Кенеша Кыргызской Республики» (В редакции Законов КР от 16 апреля 2012 года N 40, 15 июня 2012 года N 82, 12 июля 2012 года N 105)//И-пС «ТОКТОМ».
20. 2009-жылдын 20-июлундагы №241 “Ченемдик-укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамы //«Эркинтоо» 2009-жылдын 7-августу N 68-69.